# Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу

*(2014-жылдын июнь айы)*

Июнь айында банктар аралык рынокто коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүнүн орточо күндүк деңгээлинин 25,0 пайызга, 543,7 млн. сомго чейин көбөйүшү байкалган.

***1-график.***

Коммерциялык банктардын ашыкча камдарынын (улуттук валютадагы) жана банктар аралык кредиттеринин көлөмүнүн динамикасы

*(млн. сом)*




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык кредиттик рынокто репо шарттарындагы операциялар жана стандарттык шарттарда улуттук валютадагы кредиттик бүтүмдөр жүргүзүлгөн. Банктар ортосунда чет өлкө валютасындагы кредиттик бүтүмдөр жүргүзүлгөн эмес. Мында, репо шарттарындагы бүтүмдөр жылдык 7,8 пайыз орточо салмактанып алынган чен боюнча жүргүзүлгөн (-0,3 пайыздык пункт). Аталган кредиттердин көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 2,0 эсеге көбөйүү менен 6,2 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук валютадагы бүтүмдөрдүн көлөмү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 24,2 пайызга төмөндөө менен 78,8 млн. сом деңгээлинде түптөлгөн. Бул кредиттер боюнча орточо алынган чен 12,5 пайызды түзгөн.

Ошондой эле кароого алынып жаткан мезгил ичинде, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын инструменти-“овернайт” кредиттерине болгон суроо-талаптын жогорулашы жүргөн, алардын көлөмү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 9,5 пайызга көбөйүү менен 13,1 млрд. сомду түзгөн. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген “овернайт” кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган чен 9,0 пайыз деңгээлде сакталган.

Ошону менен бирге эле, кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан кредиттик аукциондордун базасында 200,0 млн. сом жалпы суммасына кредиттер берилген (-50,0 пайыз), 400,0 млн. сом суммасына жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк кредиттерди коммерциялык банктарга берүү башталган, ошондой эле 2,7 млрд. сомго (+4,3 эсеге) бир күндүк кредиттерди сунуштоо уланган.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк коммерциялык банктардын каражаттарын 8,9 млрд. сом суммасына (-48,3 пайыз) “овернайт” шарттарындагы депозиттерге жайгаштырууну уланткан.

**2-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кредиторлордун концентрациялануу индекси ай ичинде 0,35тен 0,49га чейин, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси - 0,36дан 0,50гө чейин жогорулаган. Бул индекстердин мааниси рыноктун концентрацияланышынын төмөндөп жаткан орточо деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү эки кредитордун жана эки карыз алуучунун катышуусуна ылайык келет.

**3-график. Банктар аралык кредит рыногунда резидент эмес банктар менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы**




Банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы кредиттик бүтүмдөр көлөмү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 17,2 пайызга төмөндөө менен 1,8 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүргүзүлгөн, банктар-резидент эместер менен кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2,0 пайыз деңгээлде түптөлгөн (-1,2 пайыздык пункт).

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 06 | 33.9 | 2 | 7.1 | | | 9.7 | 3.5 | | | | | | | | | | | 24.2 | 8.5 | | |
| | 07 | 336.5 | 5 | 6.9 | | | | | | | 180.0 | 6.0 | | | | | 19.7 | 8.0 | 136.8 | 8.0 | | |
| | 08 | 145.9 | 3 | 8.5 | | | | | | | | | | | | | | | 145.9 | 8.5 | | |
| | 09 | 297.4 | 6 | 7.8 | | | 50.4 | 4.5 | | | | | | | | | 49.0 | 8.5 | 50.4 | 8.5 | 147.6 | 8.5 |
| | 10 | 40.5 | 1 | 4.0 | | | 40.5 | 4.0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 169.3 | 3 | 6.1 | | | | | 40.0 | 3.0 | | | | | | | 59.3 | 7.0 | 70.0 | 7.0 | | |
| 2014 | 01 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 155.8 | 3.0 | 7.3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 104.0 | 1 | 7.0 | | | 104.0 | 7.0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 78.8 | 1 | 12.5 | | | | | | | | | | | | | | | 78.8 | 12.5 | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 06 | 870.7 | 27 | 3.4 | 52.1 | 3.5 | 755.6 | 3.4 | 63.1 | 3.5 | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | 716.9 | 21 | 4.3 | 168.3 | 3.9 | 447.9 | 3.7 | | | | | 100.8 | 7.5 | | | | | | | | |
| | 08 | 936.1 | 23 | 4.4 | 497.6 | 3.9 | 238.1 | 4.0 | 200.4 | 6.0 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 2070.1 | 28 | 4.0 | 823.1 | 4.0 | 1247.0 | 4.1 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 1792.3 | 29 | 4.3 | 653.0 | 4.3 | 1139.3 | 4.2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 317.5 | 12 | 4.3 | 199.0 | 4.4 | 118.6 | 4.2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 419.2 | 6 | 4.0 | 20.0 | 3.5 | 399.1 | 4.0 | | | | | | | | | | | | | | |
| 2014 | 01 | 101.4 | 3 | 3.6 | 66.2 | 3.5 | 35.3 | 3.8 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 1626.8 | 36 | 4.9 | 508.0 | 5.3 | 1060.3 | 4.7 | 58.4 | 5.0 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 2574.9 | 62 | 8.1 | 787.7 | 8.4 | 1787.2 | 7.9 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 2606.1 | 64 | 7.7 | 401.3 | 7.6 | 2056.6 | 7.6 | 148.2 | 8.4 | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 3035.2 | 53 | 7.5 | 620.1 | 7.7 | 2297.3 | 7.5 | 117.9 | 8.0 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 6174.1 | 76 | 7.8 | 3279.6 | 8.0 | 2630.4 | 7.6 | 215.0 | 8.5 | 49.2 | 8.0 | | | | | | | | | | |